**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**

---

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезексиз XI сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

№ 11/1

2023-жылдын 1- сентябры, Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл өкмөтүнө АРИС тарабынан берилген МТЗ-82 тракторунун базасындагы экскаватор-бульдозерин келишим менен иштетип келген Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Ылай-Талаа айылынын 9-бөлүмүнүн тургуну Ж.Ибраимовдун КР Президенти С.Н.Жапаровго жазган арызы тууралуу**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 2-главасынын 27-беренесинин 12 –пунктуна жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 1-бөлүгүнүн 2-главасынын 5-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун Ылай-Талаа айылынын 9-бөлүмүнүн тургуну Ж.Ибраимовдун арызы боюнча маалыматын, Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин курулуш, транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Ылай-Талаа айылынын 9-бөлүмүнүн тургуну Ж.Ибраимовго аткарган жумуштары үчүн эки тараптык түзүлгөн келишимге ылайык 2023-жылдын 29-августунда жүргүзүлгөн акт сверка боюнча өз ара эсептешүүнүн негизинде көрсөтүлгөн **158 360 (бир жүз элүү сегиз миң үч жүз алтымыш) сом** акча каражатын айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго милдеттендирилсин.

2. 2019-2021-жылдар аралыгындагы аткарган жумуштары үчүн Ж.Ибраимовго эмгек акысын эсептеп төлөп берүү максатында 2024-жылдын 1-январына чейин айыл өкмөтүнүн жумуштарына иштеген мезгилдерине Ж.Ибраимовго келишимде көрсөтүлгөн үчтөн бир бөлүгүн кармабастан толук төлөп берүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин курулуш, транспорт, өнөр-жай, соода, ишкердүүлүк, байланыш, энергетика жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Жаңыбаев) тапшырылсын

**Төрага** **А.Кадамбаева**